***А. Аширалиев***

# Кыргыз тарбия пирамидасындагы бир Улук тууралуу

Жараткан адам баласын башка жаныбарлардан айырмалантып, эки тараптуу кылып жаратыптыр:

биринчиси – **биологиялык,** жашоого тынымсыз умтулган тирүү жан катары;

экинчиси – **социалдык,** акыл эси менен коомдо адеп ахлактык нормаларды, эрежелерди сактап жашай турган адам катары.

Бул эки тарап биригип **инсан** деген бир бүтүндү берет экен.

Адамзат жаралгандан бери эле *бул дүйнө качан, кандай болуп жаралган?, акыры эмне болот?, адамзат ким?, эмне үчүн жаралган?, бул дүйнөдөгү орду жана вазипасы кандай?, дененин өлүшү менен эле адамдын вазипасы бүтөбү?, же анын уландысы дагы барбы?...* деген чексиз суроолор тизмеги түйшөлтүп келген. Ушул суроолорго жооп издөө процессинде булардын баарын башкарып турган бирөө (алибетте ал Кудай) болуу керек деген ой ар бир адам баласынын башына келет. Кудайга таптакыр ишенбейм деген атеист да, жаратылыштын улуу кырсыктарына (жер титирөө, сел же көчкү жүрүү ж.б.) кабылганда же күбө болгондо, же бир жери катуу ооруганда эрксизден кудайды эстеп, келме келтирип, бул кырсыктан же оорудан аман сакташын суранат. Мына ушундай түрткүлөрдөн кийин ал атеистке да: мен кайдан келдим, бул дүйнөгө эмне үчүн жаралдым, анан акырында кайда барамын деген ой келип, ушул сыяктуу көптөгөн суроолорго жооп издеп филисофиялык ойлорду жүргүзүп, акыры диндердин бирине келип такалат.

Дин – бул Жаратканга ишенүү, ал тарабынан түшүрүлгөн жашоо эрежелерин чын ыкластан аткаруу. Демек, дин адамдын руханий тарабын жөнгө сала турган, Кудайга ишенүү, ал тарабынан жиберилген жашоо эрежелерин сактап коомдо жашоо жана жаратылышты пайдалануу десек жаңылбайбыз.

Жетимиш жылдан ашык атеисттик тарбиянын таасириненби, же башка себептери барбы, айтор дин тууралуу, анын ичинен ислам тууралуу айтса эле «*ой кокуй аны жолото көрбөгүлө, артта калган көз караш, радикализм, фундаментализм, терроризм ошолордун гана иштери*» деген жаңылыш көз караштан кутула албай келе жатабыз. Диндин адамдагы адамдык сапатты калыптоодо эң негизги ролду ойноору Кыргыз тарбия пирамидасынын чокусунда жайгашкан «Бир улукта» жатаарлыгы айкын эле көрүнүп турбайбы [А. Аширалиев, Кыргыз эли глобализация агымында].

Батыштын белгилүү окумуштуулары, адистери: Д. Белл (Гарвард) «Капитализмдин маданий карама каршылыктары» деген эмгегинде (1976) адамдагы адамгерчиликти, моралдык баалуулуктарды ордуна келтирип, бекемдөө үчүн динге кайрадан кайрылууга чакырса, В. Офульс (АКШнын мурдагы дипломаты) 1997 жылы жазган «Азыркы саясатка кошок кошуу» деген эмгегинде «Коммунизм кыйрагандай көрүнүш Батышты да күтүп турат», «…адамзат цивилизациясы руханий дүйнөсүз жашай албайт, ал эми Батыш цивилизациясы адамдардын руханий дүйнөсүн кыйратып, бузганга гана ылайыкталып калды» деп белгилесе, немец окумуштуу-дипломаты М.В. Хофманн «Ислам жана дүйнөнүн келечеги» деген 2003-2004 жылдардагы лекция курсунда «Адамдын жаныбардык инстинктин, чексиз өзүмчүлдүгүн, айбандык кумарын оздуктоодо дин гана негизги ролду ойнойт» деп, белгилеп, Ислам дининин артыкчылыктарын талдап чыгат.

Кыргыздардын каада салттарынын негизин ислам баалуулуктары түзөөрүн эске алып, ислам дининин пайдалуу жактарын талдап чыксак. Окурмандарды эскерте кетсек, ислам дининин пайдалуу жактарын талдап жатып, башка диндердин пайдалуу жактарын төгүнгө чыгаруудан алыспыз. Анткени, ар бир дин адамзат үчүн өзүнүн оң таасирин убагында тийгизген жана тийгизе берет деп эсептейбиз.

1. Исламга чейинки кыргыздар ишенип келген Теңирчиликте да, Исламда да кудайдын бирөөлүгү (монотезм), алардын негизги принциптеринин карама каршы келбестиги, кыргыздардын көпчүлүгүнүн ислам динине өтүүдө катуу каршылык көрсөтпөгөндүгүнүн негизи болуп эсептелет. Ошондуктан кыргыздардын каада-салттарынын өзөгү теңирчиликтин жана исламдын баалуулуктарына негизделген.

2. Кыргыз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн бири биринин алдындагы жоопкерчилиги жана тыгыз мамилеси (пирамидадагы төрт ысыкты кара) исламдын принциптери менен төп келгендиги, жана үй-бүлө ыйык нерсе катары баалангандыгы.

Ушул ыйык мамилелерге доо кетирип жаткан азаркы көрүнүштөр – глобализация, экономикалык кысым, батыш тибиндеги телевидение ж.б. сыяктуу нерселер кыргыздын нукура үй-бүлө тутуу принциптерин акыр аягына чейин буза элегинде этегибизди жабышыбыз зарыл. Батышты туурап, ажырашкандардын, балалуу болгусу келген, бирок түйшүгүнөн коркуп күйөөлүү болгусу кебеген аялдардын, өз баласын карабай таштап кеткен аталардын, никесиз төрөп жаткан аялдардын саны көбөйүп, ата тарбиясын көрбөгөн балдардын саны күндөн күнгө артууда. Мындай балдардын жалгыз тарбиячысы – зордук зомбулукту, киши өлтүрүүнү, жыныстык мамиледеги бейадепчиликти таңуулаган телевидение (энеси болсо ошол атасыз баласын багуу үчүн каражат табуу менен гана алек). Буга окшогон жаштардын саны басымдуу болуп кетсе коомго жагымсыз социалдык жарылууларды алып келээри шексиз.

Тарбия берүүдө исламдын баалуулуктарын жана нукура кыргыз тарбия тутумун, азыркынын жакшы жактарын айкалыштыра колдонуп, үй-бүлөдөгү ыйык мамилелерди ата-бабаларыбыздан калган баалуу нормаларга келтирүүнүн мамлекеттик программалары иштелип чыгып, аны тынымсыз ишке ашырып туруу зарыл. Үй-бүлөнү ыйык сактай албаган эл – эл болуудан, өлкө – өлкө болуудан, цивилизация – цивилизация болуудан калат эмеспи.

3. Кыргызстан үчүн ар кандай этникалык, регионалдык туура эмес көз караштардын бар экендиги да опурталдуу. Дүйнөдөгү диндердин ичинен Ислам эң толеранттуу дин экендиги белгилүү. Бул дин үчүн бир гана алла тааладан корккондук жана аны сыйлагандык негиз болуп эсептелет. Адамдардын кыргыз, өзбек, орус, казак, татар же немец экендиги да, алардын Жалалабаттан, Таластан, Нарындан, Чүйдөн, Оштон, Баткенден же Көлдөн экендиги да мааниге ээ эмес, алардын мусулман экендиги гана маанилүү. Эгерде исламга каршы иш жүргүзбөсө башка диндегилерге да сый мамиледе болууну талап кылгандыгы да исламга гана тийешелүү (Зимми институтун кара). Мындай сапат, көп улуттуу, жана ар түр конфессиялуу Кыргызстан эли үчүн баа жеткис байлык болуп эсептелет.

4. Биздин келечегибиз болгон жаштар жада калса кудайга сыйынууда да эркин болууну каалашат. Бул жагынан да исламда чоң эркиндик берилген. Кудайга сыйынуу учурунда сыйынуучу менен алла тааланын ортосунда: чиркөөнүн да, папанын да, үч жүзү бар кудайдын элесинин да, будданын айкелинин да кереги жоктугу, түздөн түз  сыйына берүүсү. Ушул сапаты да Кыргызстан жаштарынын кудайдан коркуу, пендеден уялуу сапатын калыптандырууга (адептүү, ыймандуу тарбиялоого) ислам дининин баалуулуктарына артыкчылык берет.

5. Исламдын сексsucceeded токтоолук менен мамиле жасоону талап кылуусу жана бачабаздыкты (гомосексуализмди), лесбиянкалыкты чоң күнөө, аялдардын сырткы сулуулугун акча табуу үчүн пайдалануу (порнография, сулуулар конкурсу) аларды басынтуу деп эсептеши, башка цивилизацияларга жана диндерге караганда ага чоң утуш берээрлиги көрүнүп турат. Бул нерселерге маани бербеген батыш өлкөлөрүнүн кээ бирлеринде (Голландия, Бельгия, Испания, Чехия , Польша, Англия, АКШнын кээ бир штаттары жана башкалар), «адам укугун сактоо» деген парданы жамынып алып, бир жыныстагы адамдарга (гомосексуалисттерге, лесбиянкаларга) үй-бүлө курууга закондуу укук берип, кудай алдында кечирилгис күнөө иштерди жасоодо. Мындай нерселерди кудай алдындагы чоң күнөө деп, биздин ата-бабаларыбыз, ислам дини жана башка диндер да мындай бейадепчиликке катуу тыйуу салып келишкен.

6. Батыш цивилизациясы менен Ислам цивилизациясынын негизги айырмачылыгынын бири болуп, анын байлыкка болгон көз карашы эсептелет. Батыш цивилизациясында жашаган адамдын жашоо максаты – «бар болсо» (иметь), ал эми Исламда – «бар болсом» (быть). Батышта байлыктын санына көп көңүл бөлүнүп, баары акча менен бааланат. Исламда – байлык кудайдыкы, ал адамдарга пайдалануу үчүн гана берилет деп кабыл алынып, мында байлыкты ашыкча топтоо, ысырап кылып ыплас иштерге сарптоо чоң күнөө деп эсептелет.

Кыргызстан жана башка КМШ өлкөлөрүндө байлыкка көз карашы батыш тибинде экендигине төмөндөгүлөр анык мисал болуп бере алат. Элдин байлыгы деп эсептелген

мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү учурунда шылуундар ээлеп алып, бузуп, сатып жибергенинен элдин көпчүлүгө итке минип отуруп калды. Эгерде ошол шылуундар өз кызыкчылыгын гана көздөбөстөн, сарамжал сарптап, айлана тегеректеги элдерге иш орундарын камсыз кыла турган кичи ишканаларды курууга жумшаса, эл товар чыгарганды да, сатканды да үйрөнүп, жашоо денгээлдери бир топ жогору болуп, менчик ээлеринин да байлыгын арттырмак. Тилекке каршы, андай болбостон, менчиктештирүүдөн тапкан байлыктардын басымдуу көпчүлүгү, пара берип кызмат абалын жогорулатууга, сойкулар менен шапар тебүүгө, наркобизнес менен шугулданууга ж.б. терс көрүнүштөргө жумшалууда.

Эгерде өсүп келе жаткан жаштарыбызга байлыкка карата ислам дининин көз карашын туура түшүндүрө алсак, анда алардан тутканы берекелүү, сарамжал адамдар өсүп чыгаары шексиз. Ал эми сарамжалдуулук бир эле байлык маселесин эмес, дүйнө жүзүнө коркунуч туудуруп жаткан экология проблемасын да жөнгө салаар эле.

7. Ислам цивилизациясынын Батыштан артта кала берген тармагы, бул азырынча бир дагы ислам өлкөсүндө (Малайзиядан башкасы) экономикалык модел түзүлө электиги. Бирок, дүйнөлүк банк системасында «Ислам банкы» деген жаңы түшүнүк пайда болуп, азыркы кезде дүйнө банктарынын лөктөрү: «Чейз Манхеттен», «Голдмен Сакс», «Ситибэнк» ислам банк бөлүктөрүн ачышып, ийгиликтүү иштетүүдө. Мындай бөлүмдөрдүн өсүү ыргагы жылына 10-15% жетип жаткандыгын маалымат каражаттары билдирүүдө. Мындан сырткары, «закат» системасын терең окуп үйрөнүп, аны пайдалануу системасы жана механизми заман талабына ылайык иштелип чыкса, жакыры жок коом түзүүгө мүмкүнчүлүк болоор эле. Закаттан аябагандай көп каражат топтолуп, аны бере турган жакырлар болбой калган учурлар ислам тарыхында болгондугу белгилүү. Башкача айтканда, Ислам цивилизациясынын экономика багытында да алдынкы катарга чыгууга ачыла элек зор мүмкүнчүлүктөрү бар.

8. Ислам цивилизациясында эң артта калган тармак, бул билим берүү жана илим системасы. Орто кылымдардын аягындагы, дүнгүрөп өсүп, Испаниядагы Кордова медресеси Европадагы жана бүткүл дүйнөдөгү илим, билим борбору болуп турган исламдын билим берүү жана илим изилдөө системасы, ошол кездерден кийинки халифтердин туура эмес саясатынын негизинде өсүүсүн токтотуп, бул катачылыктын зыянын эмдигиче тартып келет. Ал халифтердин жаңылыштыгы, билим, илим деп исламдын теологиясын гана таанып, калган физика, математика, химия, астрономия сыяктуу ж.б. фундаменталдык илимдерди изилдеп окууга тыйуу салгандыгы болгон деген маалыматтар бар.

9. Акырында айта кетүүчү нерсе, исламдын принциптерин мамлекетти башкарууда идеология катары пайдаланууга, саясатчы сөрөйлөр аларды курал катары пайдаланышына жол бербешибиз керек. Эгерде ага жол берсек, Исламды да 17 кылымга чейинки Христиан дининин католиктик канатынын тагдырына туш кылып кюшубуз мүмкүн. Ал мезгилдерде христиан динин католиктик канатын мамлекеттик идеология катары пайдаланып, дин кызматкерлери кудайдын ордуна күнөө кечирүүчү күбөлүк (индульгенция) беришип, Христос үчүн немец урууларын кыргандыгы, «крестовый поход» деп үч жолу мусулмандарды кыргындыгы, динге каршы чыккандарды тирүүлөй өрттөгөндүгү тарыхта жазылуу эмеспи. Ислам халифаты өркүндөп, Испаниядан Индонезияга чейин жайылып, гүлдөп турган кезде да мындай мыкаачылыктарды жасаган эмес. Ошентсе да исламды идеология катары пайдалануу, башкарууда күн батыштын традицияларын колдонгон биздин өлкө үчүн опурталдуу.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз элинин кылымдардан бери калыптанган руханий баалуулуктарын, ата бабаларыбыз кылымдардан бери тутуп келген ислам дининин баалуулуктарын, «фундаментализм», «радикализм» жана башка «изм» дер тарабына оодурбастан, коркпостон эле, Кыргыз тарбиялоо пирамидасынын туу чокусуна койуп пайдалануу зарыл.